Ош облустук коомдук-саясый гезити

Ош жаңырыгы

www.oshinfo.kg

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№29 [17025] ИШЕМБИ, 26/09/2026

Куттуктоо

АРХИВ КЫЗМАТЫНЫН 100 ЖЫЛДЫГЫ КУТ БОЛСУН!



Урматтуу КР Архив кызматынын Ош регионалдык башкармалыгынын жамааты! Сиздерди Архив кызматынын түзүлгөндүгүнүн 100 жылдык маракеси менен чын жүрөктөн куттуктайбыз! Кылым карыткан тарыхы бар архив кызматы – элибиздин басып өткөн жолун, мамлекетибиздин тарыхын жана ата-бабалардан калган баалуу мурастарды муундан-мууна жеткирген маанилүү тармак.

Архивде – дооруордун үнү жаңырып, элибиздин басып өткөн тарыхы сакталат. Ар бир документ, ар бир тарыхый маалымат өткөн күндөрдүн күбөсү болуп, бүгүнкү мууна өлкөбүздүн тарыхын терең таанып-билүүгө, эртеңки келечек үчүн баалуу сабактарды алууга жол ачат. Ушул зор мурасты көздүн карегиндей сактап, кийинки муундарга жеткирүүдө архив кызматкерлеринин эмгеги өзгөчө мааниге ээ.

Ушул айтылуу маракеде Ош регионалдык башкармалыгынын жалпы жамаатына чың ден соолук, үй-бүлөлүк бакубатчылык, ишиңиздерге ийгилик жана жаңы жетишкендиктерди каалайбыз! Элибиздин тарыхын сактоо, баалуу архивдик мурастарды изилдөө жана келечек муундарга жеткирүү жолундагы жоопту жана үзүрлүү ишиңиздер мындан ары да жемиштүү болсун! Архив кызматынын 100 жылдык маракеси кут болсун!

“Ош жаңырыгы” гезитинин эмгек жамааты.

Органикалык чарбанын улуттук күнү



Ошто органикалык чарбанын улуттук күнүнө арналган иш- чара болду. Ага КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн жана Ош шаарынын мэриясынын, Соода өнөр жайы палатасынын, Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайынын, ЖОЖдордун жана тиешелүү тараптардын өкүлдөрү катышты.

КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү жана Ош шаарынын мэриясы тарабынан уюштурулган бул иш- чаранын алкагында облустун райондорунан жана Ош шаарынан келген дыйкан- фермерлер органикалык продукцияларынын көргөзмө –жармаңкесин сунушташты. Алар менен катар Россия, Казакстан, Кытай Эл Республиккасы жана башка өлөкөлөрдөн келишкен ишкерлер өздөрүнүн продукцияларын жана өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрүн тартуулашты.

Иш- чаранын негизги максаты органикалык айыл чабасын өнүктүрүү, өндүрүүчүлөрдүн тажрыйбасын жайылтуу, ата мекендик өндүрүүчүлөрдү колдоо жана органикалык продукцяларды ички жана тышкы рынокко чыгаруу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү.

Белгилей кетсек, КР Президентинин 2026- жылдын 11 -февралындагы №40- “Органикалык айыл чарбанын улуттук күнү жөнүндө” Жарлыгына ылайык, жыл сайын сентябрь айынын акыркы жумасында өлкөдө органикалык чарбанын улуттук күнү белгиленет.

К. Кыдыралиева.

ОшТУда мамлекеттик тил күнү белгиленди



2026-жылдын 23-сентябрында Ош технологиялык университетинде Мамлекеттик тил күнү белгиленип, бул маанилүү майрамга арналган иш-чара жогорку деңгээлде өттү. Иш-чаранын ачылышында Мамлекеттик тил гимни жана Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

Андан соң иш-чаранын расмий бөлүгү уланды. Мамлекеттик тил боюнча проректор Ашим Зулпуев өз сөзүндө кыргыз тилин улуттун руханий байлыгы жана мамлекеттүүлүктүн бекем тиреги катары баалап, тилди өнүктүрүү ар бирибиздин ыйык милдетибиз экенин баса белгиледи. Табигый-гуманитардык илимдер борборунун директору Азиза Саттарова да куттуктоо сөзүн сүйлөп, мамлекеттик тилдин илим менен билим берүүдө ээлеген орду жана келечек муундарды тарбиялоодогу өзгөчө мааниси тууралуу ой бөлүштү.

Майрамдык иш-чарага университеттин жетекчилиги, профессордук-окутуучулук курамы жана студенттери катышышты. Программада мамлекеттик тилге арналган көркөм окуулар, обондуу ырлар жана кыргыз бийлери аткарылып, катышуучуларга өзгөчө маанай тартууланды.

ОшТУнун жамааты бул күндү ар жыл сайын жогорку маанайда өткөрүү менен мамлекеттик тилди урматтап, анын коомдогу ордун чыңдоого өз салымын кошуп келет.

ОшТУнун басма сөз кызматы.

Кара-Суу районундагы шахмат кубогу

Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин орун басары Куланова Айжан Мамаевна аталган райондун спорт тармагы боюнча аткарылып жаткан ийгиликтер тууралуу айтып, бул багытта райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан көп аракеттер көрүлүп жатканын билдирди. Бүгүнкү күндө район боюнча бардык айыл өкмөттөрдө, ишкана мекемелерде, мектептерде, балдар бакчаларында да калктын саламатчылыгы үчүн, ден соолукту чыңдоо үчүн максаттуу иштер алып барылууда. Райондук спорт бөлүмүн учурда Жумаев тургунбек Нуркамилович жетектейт.

Райондо тиешелүү футболдук стадион, спорттук залдар, спорттук клубдар иштеп, жаштар спортко активдүү тартылууда. Ошол эле учурда илгертен келаткан улуттук ат спорт оюндары, улак тартыш, кыз куумай, көк бөрү, алыш, тогуз коргоол, ордо оюндарынын да ойнолушуна маани берилүүдө. Спорт ден соолукка өбөлгө дегендей, жаштардын, калктын саламатчылыгы үчүн спорттун түрлөрүн жайылтууга, районун намысын облустук, республикалык деңгээлде жана жалпы райондун жана өлкөбүздүн намысын эл аралык деңгээлдеги спорттук иш -чараларда коргоого салым кошуу зарылдыгы күн тартибинде турат.



Кара -Суу районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин орун басары Куланова Айжан Мамаевна биз менен болгон баарлашууда төмөнкүлөргө токтолду:

- Маалым болгондой, КР Министрлер Кабинетинин алдындагы Дене тарбиясы жана спорт мамлекеттик агенттиги 2026 -жылдын 4 -июнунда жарыяланган КР Президентинин “Кыргыз Республикасында 2026- 2030-жылдарга карата шахматты өнүктүрүү жана жайылтуу боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө” Жарыгын ишке ашыруу максатында 2026- жылы өспүрүм балдардын жана кыздардын арасында шахмат боюнча Президенттин кубогун өткөрөт. Президенттин шахмат боюнча кубогу бекитилген Жобого ылайык үч этапта өткөрүлөт. Биринчи этабы - райондордун мамлекеттик администрацияларынын башчылары - акимдеринин жана шаар мэрлеринин кубогу. Экинчи этап-КР Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн кубогу. Ал эми үчүнчү -этап КР Президентинин финалдык кубогу. Президенттин кубогу үстүбүздөгү жылдын декабрь айынын биринчи декадасында өтүшү күтүлүүдө.

Жогоруда аталган чараларга ылайык, Кара- Суу районунда жакында Кара -Суу районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы- акимдин шахмат боюнча кубогу өткөрүлдү. Шахмат боюнча өткөрүлгөн кубокко райондогу шахматка кызыккан жаш спортчулар кызыгуу менен активдүү катышышты.

Шахмат боюнча мелдеште



өспүрүм балдар жана кыздар өздөрүнүн шыктуулугун, чечкиндүүлүгүн көрсөтүштү. Шахмат боюнча райондук кубок райондогу №47 С.Аристанбеков мектебинде өткөрүлдү. Мелдешке А.Осмонов, К.Эрматов, Питомник, В.И.Ленин, К. Жакыпов жана С.Аристанбеков атындагы мектептердин окуучулары катышышты. ДЮСШнын окуучуларынан Ж.Дурсунбаева 1-орунду (18 жаш), Н.Маматисаков 1-орунду, (14 жаш), Б.Заиров 2-орунду (14 жаш), Д.Заиров 3 – орунду (14 жаш) алышты. Ошондой эле А.Зулпукаров 1-орунду (12 жаш), Абдыкалыкова 1-орунду (12 жаш), Р.Батырбеков 1-орунду (8 жаш) жана А. Ахматова 1-орунду алышты.

Алдыңкы шахмат спортчулары жетишкендиктерге ээ болушуп, алдыңкы орундарга чыгышты жана алар облуста боло турган экинчи этапка жолдомо алышты. КР Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн кубогу 2026 -жылдын 15- октябрына чейин өткөрүлүшү күтүлүүдө. Бул экинчи этаптан өткөн шахмат спортчулары үчүнчү этапка - КР Президентинин шахмат боюнча финалдык кубогуна жолдомо алышат.

Жаш шахматчыларга мелдеште ийгиликтерди каалайбыз.

Жазып алган: К.Кыдыралиева.

Прокурордук көзөмөл

Тийиштүү чаралар көрүлүп, айып пул салынды

Транспорттук прокуратурасы тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүдө кызмат адамдары декларация тапшырбагандыгы аныкталып, аларга карата тийиштүү чаралар көрүлгөн.

2026-жылдын 6 айда Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин аткарылышы боюнча 1(3) текшерүү жүргүзүлүп, жыйынтыгы менен 10(4) мыйзам бузуучулуктар аныкталып, 10(4) укук бузуу өндүрүш иш козголгон, 9(4) кызмат адамдарына 72 000 сом айып пул салынган.

Мисалга алганда, текшерүүдө Жол чарба Департаменттин мурдагы директору К.А., департаменттин мурдагы орун басарлары К.К., Д.М. жана М.Ж. 2025-жылга карата Салык органдарына Бирдиктүү салык декларациясын 2026- жылдын 1-апрелине чейин тапшырбагандары аныкталган.

Кыргыз Республикасынын “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Мыйзамынын 6-бер. 5-п. талабына ылайык, коррупциялык укук бузуулардын субъекттери болуп ыкчам башкаруу, чарба жүргүзүү принциптеринде иштеген мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин жана ишканалардын жетекчилери саналат.

Ал эми, аталган мыйзамдын 20-бер. 1-бөл. 2-п. талабына ылайык, ушул Мыйзамдын 6-бер. көрсөтүлгөн адамдар салык мыйзамдарына ылайык жашаган жери боюнча салык кызматынын органдарына кирешелери, чыгымдары, милдеттенмелери жана Кыргыз Республикасында жана анын чегинен тышкары жайгашкан жана декларантка, анын аялына (күйөөсүнө), жакын туугандарына менчик укугунда таандык болгон мүлк жөнүндө бирдиктүү салык декларациясын берүүгө милдеттүү деп белгиленген.

Ошондуктан, аларга карата Укук бузуулар жөнүндө Кодексинин 435-бер. менен укук бузуу ишин козголуп, сот органдарынын токтомдорунун негизинде ар бирине 10 000 сомдон айып салынган.

Бурул Абдымомунова, Транспорттук прокуратуранын улук жардамчысы.

Спорт

Даткада футбол турнири өттү

Кара-Суу районунун Датка айыл аймагында спортко кызыккан жаштардын башын бириктирген өзгөчө иш-чара болуп өттү. Маданият айылындагы жаңы курулган кичи футбол аянтчасынын ачылыш аземине карата жаштар арасында кичи футбол боюнча турнир уюштурулуп, спорт сүйүүчүлөрүнө жагымдуу маанай тартуулады.

Турнирге Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Чынгыз Бапаев катышып, беттештердин жүрүшүнө күбө болду. Акимдин спорттук иш-чарага катышуусу жаштардын демине дем кошуп, оюн талаасындагы атаандаштыкка өзгөчө шаң бергенин байкадык.

Кызуу таймаштын жыйынтыгында биринчи орунду «Падаван-2» командасы ээлеп, чемпиондук кубоктун ээси болду. Жеңүүчү командага 15 миң сом акчалай сыйлык, кубок жана диплом тапшырылды. Экинчи орунду «Маданият-2» жаштар командасы багындырды. Командага 10 миң сом акчалай сыйлык, кубок жана диплом берилди. Ал эми үчүнчү орунга «Маданият-1» командасы татыктуу болуп, 5 миң сом акчалай сыйлык, кубок жана диплом менен сыйланды. Мелдештин жыйынтыгында командалардын жалпы көрсөткүчү менен жеке оюнчулардын спорттук чеберчилиги да өзүнчө бааланды.

Н.ӨМҮРЗАКОВА.



ФУТБОЛГО ӨМҮРҮН АРНАГАН МАШЫКТЫРУУЧУ

Ысаков Сайпидин Примкулович 1987-жылы Фрунзе шаарындагы, азыркы Бишкек шаарындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институтун аяктаган. Жаш адис Нооокат районундагы мурдагы «Тельман» атындагы, азыркы Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн аймагындагы стадиондо жаш өспүрүмдөрдүн курама командасын түзүп, ушул күнгө чейин эмгектенип келе жатат. 2013-жылы команда түзүп, 2014-жылы Түштүк футбол лигасы оюнга катыша баштайт.

СССРдин убагында СССРдин «Эң мыкты футболчусу, машыктыруучу» Борис Николаевич Стрельцов спортту сүйүүчүлөргө көмөк көрсөтүп кеткендигин айтып берди машыктыруучу Сайпидин Ысаков. Балдарды футбол оюнуна тартууда, аларды алдыңкы орунга чыгарууда Сайпидин Ысаков жана анын жардамчысы Зайлабидин Таировтордун эмгектери чоң. Айта кетсек, 2015-жылы облуста биринчи, республикада экинчи орунду алышкандыгын айтып кетмекчибиз.



Өткөн жылы мектеп окуучулары 8 командадан окуучулары областтар аралык өткөрүлгөн футбол лигасында 4-орунду, ал эми 10 команда 2-орунду камсыздашты.

Нооокат районунун аймагындагы, Кыргыз-Ата, Т.Зулпуев, Кара-Таш жана Көк-Жар айыл өкмөтүнүн футбол сүйүүчүлөрү келишип, ойноп турушат. Азыркы учурда 100дөн ашуун футболчулар бар.

С.Ысаков тажрыйбалуу адис, мыкты машыктыруучу. Спорт ден-соолуктун булагы гана эмес, жаштарды тарбиялоонун, аларды тартипке, эмгекчилдикке, шамдагайлыкка, мекенчилдикке үндөөнүн маанилүү булагы болуп эсептелет. Ошондуктан, машыктыруучу Сайпидин Примкуловичтин эмгеги чоң. Анткени, жаш спортчулардын келечектеги ийгиликтеринин башатында устаты турат эмеспи.

Бурма Ысакова.

Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат

Кыргыз Республикасында жалпы жонунан мамлекет менен диний уюмдардын, коомчулуктун, жеке адамдын ортосундагы укуктук өз ара мамилелерди, атуулдардын дин тутуу эркиндигине укуктуулугун ачык, даана жана ийкемдүү жолго салган мыйзамдык база түзүлгөн.

Биз жакында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттиктин Түштүк аймактык бөлүмүнүн башчысы Адилбек уулу Фурхатбекке жолугуп, ага окурмандар кызыккан бир катар суроолор менен кайрылып, ага тиешелүү жооп алып кайтканбыз.

- Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын мыйзам негиздери эмнеге таянат?

- Кыргызстандын Конституциясына таянат. Анткени, Баш мыйзамга ылайык (Кыргызстан) — эгемен, көз карандысыз, демократиялык, унитардык, укуктук, светтик жана социалдык мамлекет. Анда “Кыргыз Республикасында эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынышы мүмкүн эмес.” “Дин жана бардык ырасымдар мамлекеттен ажыратылган”. “Диний бирикмелердин жана дин кызматчыларынын мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүсүнө тыюу салынат”. “Ар бир жарандын абийирине жана дин тутуу эркиндигине кепилдик берилет. Ар бир жаран, диндик жана башка ишенимдерди эркин тандоого жана тутууга укуктуу, жана эч ким өзүнүн диндик жана башка ишенимдерин билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурлануугa тийиш эмес”. Кыргыз Республикасындагы диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамынын, 2025-жылдын 21-январында кабыл алынган “Дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө” Кыргыз Республикасын мыйзамынын, КР Президентинин жарлыктарынын, КР Коргоо кеңешинин чечимдеринин, Министрлер Кабинетинин токтомдорунун, ж.б. нормативдик актылардын негизинде жүргүзүлүүдө.

-2014-жылдын 3-февралында Кыргыз Республикасынын Коргоо Кеңеши диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат жөнүндөгү маселени карап чыгып, эгемендиктин биринчи жылдарында калыптанган диний чөйрөдөгү процесстерди жөнгө салуудан мамлекеттик органдардын обочолонуусу жаңылыштык деп баа берген болчу?

- Туура айтасыз, Коргоо кеңеши “Кыргызстандын мусулмандары үчүн салттуу болгон ханафий мазхабын туткандардан гана мечиттердин имамдарын, имам-хатибдерди, казыларды дайындоо жана Аалымдар кеңешинин мүчөлөрүн, муфтийди шайлоо” зарылдыгын баса белгилеген. Бул жаатгагы негизги аткарылган жумуштардын бири -Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен бекитилген “2014-2020-жылдар арасындагы Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясы” эсептелет. Бул Концепцияда: Диний чөйрөдөгү мыйзамдарды жакшыртуу, дин тутуу жана ишеним эркиндигин камсыз кылуу; Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты жакшыртуу жана мамлекеттик органдардын натыйжалуулугун жогорулатуу; Жергиликтүү деңгээлде кызматташуунун өркүндөтүүнүн жөнгө салуу; Диний чөйрөдөгү маалыматтык саясатты өнүктүрүү; Дин аралашпаган дин таануу билим берүү системасын жакшыртуу; Диний билим берүүнүн сапатын жогорулатуу; Диний радикализм жана экстремизмдин алдын алуу боюнча мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүн жакшыртуу; Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты баалоо жана өркүндөтүү сыяктуу приоритеттер белгиленген болчу:

-Кыргыз Республикасынын Президентинин 30.09.2021-жылдагы №412 Жарлыгында Мамлекеттин светтик жана укуктук негиздерин бекемдөө, мамлекеттик-конфессиялык мамилелердин субъекттеринин потенциалын чыңдоо жана кызматташтыгын кеңейтүү, диний жана дин таануучулук билим берүү системасын өркүндөтүү; диний чөйрөдөгү маалыматтык-агартуучулук саясат, Диний негиздеги чыр-чатактардын алдын алуу өндүү диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясынын артыкчылыктуу багыттары белгиленген. Коюлган максаттарга жетүү үчүн кандай милдеттерди чечүү зарыл?

-Ал үчүн мамлекетти өнүктүрүүнүн светтик негиздерин бекемдөө, адамдын абийир жана дин тутуу эркиндигине болгон укугун камсыз кылуу, диний жана башка ынанымдарын сыйлоо; диний чөйрөдөгү мыйзамдарды өркүндөтүү; мамлекеттик органдардын, ЖӨБОнун, диний жана коомдук институттардын өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжалуу системасы аркылуу мамлекеттик-конфессиялык мамилелер субөекттеринин потенциалын жогорулатуу жана кызматташтыгын кеңейтүү;



диний билим берүү системасына светтик сабактарды киргизүү, ал эми тиешелүү деңгээлдеги мамлекеттик билим берүү системасына дин таануу сабактарын киргизүү аркылуу диний жана дин таануучу билим берүү системасын өркүндөтүү; диний бирикмелердин толук иштөөсү үчүн шарттарды камсыз кылуу, мыйзамсыз диний иштерге жол бербөө; жалпыга маалымдоо каражаттарында (мындан ары – ЖМК) жана социалдык медиада маалыматтык-түшүндүрүү, агартуу иштерин жандандыруу.

- Биз билгенден, 1990-жылы Кыргызстанда расмий түрдө 39 мечит жана 29 христиандык диний объектилер катталган, азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясында канча диний уюм жана окуу жай эсептик каттоодон өткөн?

-Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясында 4007 диний уюм жана окуу жай эсептик каттоодон өткөн. Анын ичинде исламдык диний уюмдар-4489 (мечиттер-3780, диний кайрымдуулук уюмдар-203, ДОЖдор-212, фонддор-60); христиандык диний уюмдар-407 (Православ чиркөөсү — 48, Элүүнчүлөр (Пятидесятники) — 80, Баптистер — 60, Пресвитериандар — 49, Жетинчи күндүн адвентисттери— 25, Лютерандар — 20, Жахабанын Күбөлөрү — 41, Католиктер — 8, Харизматтар— 40, иудаисттик диний уюм-1, буддисттик диний уюм-1, бахаилик диний уюмдар-4.

-Жашырганда эмне, жаштардын радикалдашуусу байкалуда. Анын себептери эмнеде?

-Анын негизги себеби, жаштардын диний сабатсыздыгы, диний маселелер боюнча маалыматтулугунун начардыгы, диний маселелерди өз алдынча түшүнүүсү; айрым учурда радикалдык же экстремисттик көз карашты тутунган адамдардын тузагына түшүп калуусу. Интернеттин, жеке адамдардын таасири; мыйзамдарды, укук-милдеттерди начар билүүсү; жашоодогу максаттуулуктун жоктугу, турмуштан жолу болбой калуу; класстан кийин окубай коюу; социалдык-экономикалык көйгөйлөрдөн алыстоого умтулуу, эмгектен качууда же көйгөйдөн арылууда диний көз караштарга жамынуу, жашынуу, дин менен чүмбөттөнүү; идентифтүүлүктүн, интеграциянын жоктугу; диний жана руханий, моралдык-нравалык баалуулуктардын жоктугу; -адилеттүүлүктү издөө, романтикага азгырылуу, утопиялык кыялдануулларга берилүү жана башка дагы ушул сыяктуу факторлор.

- Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттиктин Түштүк аймактык бөлүмү тарабынан диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат, диний радикализмдин жана экстремизмдин алдын алуу, светтик түшүнүктү бекемдөө жана жайылтуу максатында кандай – иш-чаралар жүргүзүлүүдө?

- Кыргызстанда соттордун чечими менен мамлекетибиздин аймагында 21 уюмдун, 8 интернет сайттын, 2 автордун адабияты жана 1 фильм экстремисттик жана террористтик деп таанылып, тыюу салынган. Бул олуттуу маселе. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттиктин Түштүк аймактык бөлүмү тарабынан 2025-жылы ЖМА-ЖӨАБ органдарынын, укук коргоо түзүмдөрүнүн, диний уюмдардын, билим берүү мекемелеринин, жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызматкерлерине, жергиликтүү калкка, ЖОЖдордун жана ДОЖдордун студенттерине, окуучу жаштарга диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат, диний радикализмдин жана экстремизмдин алдын алуу, светтик түшүнүктү бекемдөө жана жайылтуу максатында пландуу түрдө жалпы 121 маалыматтык, түшүндүрүү-профилактикалык иш-чаралар өткөрүлдү.Ал эми 2026-жылдын 9 айында 98 түшүндүрүү иш-чарасы уюштурулду. КМДБ жана анын жергиликтүү түзүмдөрү тарабынан 10 миңден ашуун түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн. Бул иштер кырдаалды алдын алууга жакшы таасир этип, өзүнүн оң натыйжаларын берип жатат.

Сергек жашоо

Спортко жандуу Кызыр-Абад

Араван районундагы Чек-Абад айыл өкмөтүнүн Кызыр-Абад айылынын карыяларынын айтуусунда бул айылда далысы жерге тийбеген Тойчу аттуу балбан жашап өткөн. Бир жолу Ноокатта бул жагы Анжиан, ар жагы Кара-Тегин, күн батыштан Кокон, Оро-Төбө, Кожентten келген балбандардын арасында таш көтөрүү боюнча мелдеш болуп өткөн. Тойчу балбандан башка эч ким көтөрө албай, баш байге салтанат менен Тойчу балбанга ыйгарылат. Кубанычы койнуна батпай, төбөлөрү көккө жеткен Кызыр-Абаддын адамдары Тойчу балбан көтөргөн ташты “кийинкилерге эстелик болсун” деген максатта Ноокаттан арабага жүктөп келишкен экен. Ошол таш айылда мектептин спорт залынын алдында турат. Азыркы учурда Кызыр-Абаддык Максат Алимов футбол боюнча республикалык курама командanын капитаны. Ал эми Ырыскелди Маданов футбол боюнча жаштар командасынын курамында ойнойт.

Бул айылда спорт дегенде ичкен ашын жерге койгон, өмүрүнүн аягына чейин айылдык жаштарды сергек жашоого үндөгөн машыктыруучу Шакир Таабалдиевдин ысмы өзгөчө урмат, өзгөчө сый менен айтылып жүрөт Анын тарбиялаган балдардын арасынан республиканын, дүйнөнөн чемпиондору чыккан. Бул жетишкендиктер мамлекет тарабынан эске алынып, республикалык бюджеттен 14 млн. сом каражат бөлүнүп, жаңы спорт залы пайдаланууга берилген. Жаңы спорт залына машыктыруучу Шакир Таабалдиевдин ысмын ыйгаруу демилгеси көтөрүлгөндө, анын айылдаштары жапырт колдоп чыгышкан. Шарты жакшы, бардык ыңгайлуулуктары бар зал үчүн Алмазбек Таабалдиев аттуу уулу Бишкекке чейин барып, баасы абдан кымбат олимпиадалык матрац алып берген. Облус жана айыл өкмөтү тарабынан да тренажерлер, керектүү жабдуулар берилген. Шакир Таабалдиевдин ысмын алып жүргөн спорт мектебинде грек-рим күрөшү боюнча балдар арасындаанын жаркын элесине арналган райондук, облустук деңгээлде турнирлер өткөрүлүп турат. Турнирдин ачылыш салтанатына катышкан коноктор Шакир Таабалдиевдин дарегине жылуу сөздөрүн айтышып, анын эмгегин эскеришет. Чек-Абад айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Сайдилла Токторовдун айтуусунда “Шакир максым көп убактын балдарга арнап, аларды сергек жашоого үндөгөн, спортко кызыктырууга арнаган чыныгы педагог адам болгон. Ал майрамдарда, тойлордо күрөш боюнча көптөгөн мелдештерди уюштуруп,анын машыктырган балдары алдыңкы жана байгелүү орундарды камсыздап турган. Айрым учурда Жалал-Абадда, Баткенде уюштурулган мелдештерге балдарды өз каражаты менен алып турган учурлар болгон.

Балдары жеңишке жетишсе, жаш баладай кубанган учурларды башынан көп өткөргөн” Кызыр-Абад айылында жайгашкан Т. Исмаилов атындагы орто мектептин окуучуларынын арасында кийинки мезгилде футболго кызыккандар көбөйүп жатканын, аны андан ары өнүктүрүүгө маани берилип жатат. Кыргызстандын мектеп лигасынын футбол боюнча өткөрүлгөн мелдешинде мектептин командасы 2-орунга чыгып, Р. Маданов аттуу окуучу “Мыкты чабуулчу ” номинациясына ээ болуп келген. Мектептин мындай ийгилиги эске алынып, райондук өнүктүрүү фондусу жана айыл өкмөттүн жардамы менен жалпы суммасы 2 млн.сомду түзгөн минифутбол аянтчасы пайдаланууга берилген.

Атагы таш жарган атактуу балбан Акжол Махмудовдун көмөгү менен райондук спорт мектебинен барган машыктыруучу балдарды жумасына төрт жолу грек-рим күрөшү боюнча машыктырыпкетет.

Мындай ийгиликтердин жаралышына мектептин Ибраим Алимов баш болгон дене тарбия мугалимдеринин да эмгеги чоң. Алардын сабакка жасаган мамилеси жоопкерчиликтүү, окуучуларга коюлган талап күчтүү. Алгачкы жыйынтыктар бар. Шарип Эрматов аттуу окуучу облуста биринчи орунга чыгып, республикага чейин барып келген.

Бетти даярдаган:
Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ.

QR-КОД КОЛДОНУУ МЕНЕН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТӨЛӨМ СИСТЕМАЛАРЫНЫН ӨЗ АРА ИШТЕШИ

1) QR-код колдонуу менен төлөм системаларынын өз ара иштеши (интероперабелдүүлүк)

Кыргыз Республикасында бирдиктүү төлөм мейкиндигин түзүү максатында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары – Улуттук банк) өз ара иш алып баруу оператору, банктар жана мобилдик тиркемелери бар Кыргыз Республикасынын төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары менен бирге улуттук стандарттагы QR-кодун колдонуу менен төлөм системаларын системалар аралык интеграциялоо (интероперабелдүүлүк) ишин жүргүздү.

Төлөм системасынын системалар аралык интеграциясы (интероперабелдүүлүк) – бул системанын төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн башка төлөм системалары менен өз ара иштөөсү жана иштеши, бул мобилдик тиркемелердин колдонуучуларына банк картасына, электрондук акчага жана агенттердин мобилдик тиркемелерине байланган улуттук стандарттагы QR кодун колдонуу менен бардык жерде төлөмдөрдү жана которууларды жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Ошондой эле, 2026-жылдын 1-июлуна карата республиканын бардык региондорундагы соода-тейлөө ишканаларында жана калкты тейлөө борборлорунда 117,6 миңден ашык QR-коддор орнотулган. 2026-жылдын биринчи жарым жылдыгында QR-код аркылуу өз ара аркеттенүү системасы боюнча жалпы суммасы 721,6 млрд. сомду түзгөн 432,3 млн. төлөм жүргүзүлгөн. Алардын ичинен мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн 61,86 млн төлөм 29,4 млрд. сом суммасында жүргүзүлгөн.

Азыркы учурда банктар жана төлөм уюмдары QR-коддорду соода-сервистик ишканаларында орнотуу иштерин улантып, QR-коддорду пайдалануу менен төлөмдөрдү кабыл алуунун камтуусун кеңейтүү боюнча иштерди жүргүзүүдө.

2) QR-код деген эмне?

Төлөм жүргүзүү үчүн QR-код – бул төлөм маалыматтарын берүү үчүн эки өлчөмдүү штрих-код белгиси жана заманбап банк менен финансы секторунун ажырагыс бөлүгүнө айланган инновациялык чечим. Алар накталай эмес операцияларды тез, ыңгайлуу жана коопсуз жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Жөнөкөй сөз менен айтканда, бул белгилүү бир тамга жана сандар түрүндө маалымат катылган, ак-кара түстөгү төрт чарчы келген сүрөт. Бул интернет-сайтка, товарлардын электрондук каталогуна же мобилдик тиркемеге шилтеме болушу мүмкүн. Аталышындагы QR деп жазылган баш тамгалары Quick Response, башкача айтканда «тез



жооп» дегенди билдирет. Тез деп аты айтып тургандай, смартфон QR-кодго катылган маалыматты бир секунд ичинде окуп, андагы шилтеме аркылуу кирип товар/кызмат көрсөтүүлөр үчүн тез төлөйт же акча которот.

QR-коддорун колдонуу менен төлөм инфраструктурасын өнүктүрүү өлкөдөгү бирдиктүү төлөм мейкиндигин түзүү боюнча артыкчылыктуу чечимдердин бири болуп саналат. Бул үчүн финансылык төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн QR-коддун улуттук стандарты иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине караштуу Стандартташтыруу жана метрология борборунун буйругу менен бекитилген. Кыргызстандагы QR-код стандарты эл аралык стандарттардын негизинде QR-коддорду түзүүнүн жана колдонуунун жалпы эрежелерин аныктайт, бул төлөмдөрдү иштеп чыгуу процессин жеңилдетет жана транзакциялардын коопсуздугун камсыз кылат.

3) QR-кодду колдонуу менен төлөмдөрдү кабыл алуу тууралуу.

QR-код смартфонго орнотулган банктын же төлөм системасынын операторунун/төлөм уюмунун тиркемеси (анда төлөм QR-кодун колдонуу менен ишке ашырылган) смартфондун камерасын каратканда окулат. QR-коддон маалымат дароо окулуп, мобилдик тиркеме төлөм үчүн төлөм өткөрүүгө бардык керектүү реквизиттерди алат.

Төлөмдөр үчүн QR-коддору бизге эмне үчүн керек? Алар накталай эмес операциялардын процессин жөнөкөйлөштүрөт жана тездетет. QR-коддору менен колдонуучу алуучу менен төлөм суммасы жөнүндө маалыматтарды киргизип убакыт коротуп отурбай, телефонду бир нече жолу басып төлөм жүргүзө алат.

Учурда соода-тейлөө ишканаларында төлөм жүргүзүү үчүн статикалык жана динамикалык QR-коддордун орнотулганын байкоого болот.

Биринчилери код түзүлгөндөн кийин түзөтүү киргизүүгө мүмкүн болбогон маалыматты камтыйт. Статикалык QR-кодун көп жолу колдонууга болот (көбүнчө соода-тейлөө ишканасынын кассасында жайгаштырылат) жана сатуучунун бардык негизги төлөм реквизиттерин камтыйт, бирок дайыма эле которуунун суммасын камтыбайт – бул учурда сатып алуучу аны өзү киргизиши зарыл.

Динамикалык QR-код болгон учурда, маалымат түзүлгөндөн кийин аны жаңыртып, редакциялап жана өзгөртүп турса болот. Динамикалык QR-код сөзсүз түрдө уникалдуу төлөм кодун,



алуучунун реквизиттерин жана сатып алуу суммасын камтыйт, анткени ал ар бир конкреттүү сатып алуу үчүн түзүлөт жана белгилүү бир мөөнөтү болот. Динамикалык QR-кодду колдонуп төлөм өткөргөндөн кийин, ал жараксыз болуп калат. Бул айырмачылыктар сатуучуга да, сатып алуучуга да кошумча ыңгайлуулуктарды алып келет.

Мындан тышкары, QR-коддору коопсуздуктун жогорку деңгээлине ээ, анткени маалымат жашыруун жана ал транзакциянын катышуучуларына гана жеткиликтүү болот.

4) QR-код менен төлөөнүн кандай ыңгайлуу жактары жана артыкчылыктары бар?

QR-кодун колдонуу менен төлөмдөрдүн артыкчылыгы – смартфону бар колдонуучулар үчүн да, бизнес чөйрөсүндөгүлөр үчүн да ыңгайлуу, ылдам жана коопсуз төлөм. Бизнес чөйрөсү үчүн бул ыкманын арзандыгын кошумча белгилөөгө болот, анткени QR-код аркылуу төлөмдөрдү кабыл алуу үчүн сатуучу кошумча жабдууларды сатып албайт. Болгону QR-кодду басып чыгарып же болбосо смартфондо көрсөткөнү жетиштүү.

QR-код аркылуу төлөмдөрдү жана которууларды жүргүзүү өлкөдө накталай эмес төлөмдөрдү өнүктүрүү, ошондой эле периферияда төлөм инфраструктурасын өнүктүрүү чечимдеринин бири болуп саналат. Бүгүнкү күндө көптөгөн адамдар смартфонду колдонушат. Алсак, смартфондун жардамы менен биз дүкөндөрдөн сатып алабыз же кызмат акыларды төлөй алабыз. Төлөм жүргүзүү үчүн зарыл болгон нерселердин бардыгы смартфондогу төлөм тиркемесинде бар.

NFC, байланышсыз төлөмдөр жана мобилдик капчыктар сыяктуу жаңы технологиялардын пайда болушу менен QR-коддор барган сайын популярдуу болуп баратат. Мындан тышкары, QR-кодун колдонуу менен төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн түзүлүштөргө атайын талаптардын кереги жок, мисалы, смартфондо NFC чиптин болушу сыяктуу. QR-коддорун колдогон төлөм тиркемесин Android же iOS системалары аркылуу башкарылуучу дээрлик бардык смартфондорго орнотууга болот.

Ошентип, QR-коддор операцияларды жүргүзүү процессин жөнөкөйлөтүп, тездетет, ошондой эле ыңгайлуу жана коопсуз кылат. Технологиянын өнүгүшү жана мобилдик төлөмдөрдүн жайылышы менен QR-коддор заманбап колдонуучулар жана компаниялар үчүн зарыл инструмент болуп бара жатат.

КЫРГЫЗ-АТА АЙЫЛ АЙМАГЫ ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДА

Кыргыз Республикасынын Президенти Жапаров Садыр Нургожоевичтин жарлыктарын Ноокат районунун Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн жетекчиси Ракишев Мирлан Кубанычбекович аппараты менен биргеликте жоопкерчилик менен так аткарып жаткандыгына күбө болдук. Жакындан жардам берген айыл башчыларынын да биримдүүлүгүн, ынтымактуулугун, биргелешип иштешкендиги, жакшы натыйжа берип жатканды-гын айтууга болот.



2026-жылдын 1-чи жарым жылдыгында Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн айылдарында кандай иштер аткарылгандыгы туурасында окурмандарга айтып бермекчибиз. Айыл өкмөтүнүн башчысы Мирлан Ракишев жетекчи болуп келгенден бери карай, бир топ алгылыктуу иштер аткарылды. Кыргыз-Ата айыл өкмөтүндө 7 айыл бар. Калктын саны- 25064.

Айылдын жашоочулары менен жолугушууларды өткөрүп, көйгөйлүү маселелерди айыл башчылары менен биргеликте жеринде чечип, өзүнүн чечкиндүүлүгүн, билимдүүлүгүн жана тажрыйбасын көрсөтө алды. Айталы, Кыргыз-Ата айылына барганда, райондун аймагындагы башка айыл өкмөттөргө да үлгү болсун деген сунушун айтып, каналдардын жээктерин коопсуздук үчүн тосууга чакырды. Капчыкка үнөмдүү болуусун да сунуштады. Анткени, мал-жандыктардын, жайкы мезгилде балдардын сууга түшүп кетүү коркунучун болтурбоо, коопсуздукту сактоо үчүн райондук суу чарба башкармасына кат жазышып, биргеликте бийиктиги 1,5 метрге чейин зым тосмолор жана мамычалар менен айылдын тургундары тосушкандыгын маалымдады.



Кыргыз-Ата айылынын айыл башчысы Салайдинов Байжигит Садыровичти сөзгө тартканыбызда мына буларды айтып берди:

-Биздин Кыргыз-Ата айылынын жаштары сыртта жүргөн мигранттардын демилгеси менен 7 жерге гидрант койдук. Узундугу 2000 метрлүү шлангыларын алып бериштиби. Кокустан өрт чыгып кетсе, өрт өчүрүүчү машина келгичекти өчүрүүгө болот. Атайын өрт өчүрүүнүн техникасын мыкты билген адистер тартылган.

Ушул эле айылдын Тейит Аттокуров атындагы көчөгө Ноокат райондук суу чарбасынын жетекчисине, айыл өкмөттүн башчысы Мирлан Кубанычбекович кат аркылуу кайрылып, суу чарбасы тарабынан колдоолор көрсөтүлгөндүгүн баяндап берди.

Ак-Булак айылынын айыл башчысы Карыбеков Алтынбек Мазамбекович да аткарылган иштер боюнча айтып берди:

-Союз мезгилиндеги курулган эски көпүрөнүн жараксыз болуп калганы баарыбызга эле маалым болчу. Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн жетекчиси Мирлан Кубанычбековичтин демилгеси менен эски көпүрөнүн ордуна жаңы көпүрө курулду. Көпүрөн куруудан мурда, көпүрөнүн асты сетка торлор менен тегизделип, каркасы токулуп, зарыл иштер аткарылды. Курулуш материалдарын Россиядан алдырышкан. Азыркы учурда заманбап көпүрө курулуп, техникалардын жана жөө жүрүүчүлөрдүн өтүүсүнө мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Андан сырткары, Ак-Булак айылынын 3,2 км. жолу асфальттолду. Айылдын төрт көчөсүнө жалпы узундугу 3264 метрди түзгөн асфальттоо иштеринин расмий ачылышы да болуп өттү. Ал иш-чарага Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары Рустамбек уулу Советбек, Уланбек Жаанбаев жана Нилуфар Алимжанова, Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Нурлан Керимкулов, Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн жетекчиси Мирлан Ракишев жана айылдын эли катышты.

Жолдорду куруу долбоорун ишке ашырууда Ош облустук өнүктүрүү фондунан 17 млн. сом бөлүнгөн. Ал эми калган акча каражаттары айыл элинин салымы, жергиликтүү бюджеттин эсебинен жана жеке ишкер Таирбек уулу Азаматтын колдоосу менен каржыланды. Долбоордун жалпы суммасы 23 млн. 158 миң сомду түздү.



"Кыргыз-Ата" айыл өкмөтүнө караштуу Кара-Таш айылындагы жаңы көпүрөнүн курулушуна салымын кошкондорго, айрыкча, айылдын элине, демөөрчүлөргө, элибиздин ынтымагы арта берсе, дагы да суу чыгарабыз, көпүрө салабыз, көптөгөн соопчулук иштерди элибиз үчүн жасай беребиз дейт,-Мирлан Кубанычбекович.



Айыл өкмөтүнүн аймагындагы Борко айылынын жашоочулары менен айыл өкмөттүн башчысы Мирлан мырза жолугушуу өткөргөн учурда, арыктагы чөптөрдү тазалоону, жолдун боюндагы жолго чыгып кеткен курулуштарга токтолуп, ирээтке келтирүү жагын сунуштады. Жогорудагы айтылган сөздүн жыйынтык чыгарылып, арыктар тазаланып, жол боюндагы ашыкча курулуштар алынды. Борко айылындагы Матраимов көчөсүн асфальттоого 13,5 млн. сомдук узундугу 1,66 метрди түзгөн долбоор ишке ашкандыгын айтып кетүүгө болот.

2026-жылдын 1-жарым жылдыгында Борко айылындагы ички арыктар Таза суу ишканасынын трактору менен 4 чакырымды түзгөн аралыгы тазаланды. А.Бөдөев, Достук көчөлөрүнүн кечки жарыктандыруусу, утурумдук ремонттон өткөрүлдү. Борко айылындагы ФАПка жергиликтүү жашоочулар тарабынан 11000 долларлык акча каражатын жыйнашып, Тез жардам автомашинасын сатып алышты.

Инвестиция тартууда жана айылдын социалдык-экономикалык сунуштарды иштеп чыгууда пайдалуу иштер жүргүзүлүүдө. Тактап айтканда, кубаттуулугу 3500000 сомдук күн панели коюлду. Ошондой эле Ж.Түрков көчөсүнө айыл өкмөтү тарабынан 8 даана столба бөлүнүп берилди, айылдын жашоочулары дагы 4 даана столба сатып алышып, жалпысынан 58000 сом акча жыйналып, көчөгө орнотушту. Борко айылынын айыл башчысы Жоомарт Ташбаев да айыл тургундарынын көйгөйүн чечүүгө аракеттенип, эл менен тыгыз иштешип келатат.

Айыл өкмөтү тарабынан 2,5 тонна цемент Жазы-Токой айылындагы көпүрөнү курууга сарпталды. Элдик ашар жолу менен трубалар коюлуп, көпүрө кеңейтилип курулду. Көпүрө агын сууну жөнгө салып, элдин жана автоунаалардын жүрүшүнө шарт түзүп берди. ДЭПтин башчысы да 14 труба бөлүп берди.

Айыл өкмөтүнүн жетекчиси Мирлан Ракишев айыл башчыларына, ашарга катышкан жалпы элге ыраазычылыгын билдирип, ыракмат айтты. Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн аппаратында өзүнүн кесибин мыкты билген адистер эмгектенишет. Алардын катарына, Минавар Аттокурова, Шазаада Аттокурова, Роза Орунбаева, Жапар Нурматов, Таалайбек Садиров жана башкаларды айтууга болот.

Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн Көтөрмө айылында элдин керектүүсүнө жараша азык-түлүк дүкөндөрү, кафелер, калктын ден-соолугун сактоодо оорукана, маданият үйү, музыкалык мектеп, кесиптик- техникалык лицей, балдар бакчалары жана мектептер бар. Күздүн берешен айында дыйкандар үчүн Көтөрмө айылында кечки базар бар. Көтөрмө айылынын Ынтымак көчөсүндө 1985-1990-жылдары теректен жасалган электр мамычаларды алмаштырылып, 3 фазага ток тартылды. Үйдөгү электр приборлорун толук колдонууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Азыркы учурда Көтөрмө айылынын айыл башчысы Муктар уулу Ысак айылдагы аткарылбай калган иштер боюнча эл менен макулдашып, аткарууга күч-аракетин жумшайт.



Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн Кара-Кой айылынын айыл башчысы Ороз Матиевдин эмгектенгенине бир топ жылдын жүзү болуп калды. Жолдун боюна салынган Логистикалык борбор айыл өкмөтү менен биргеликте, 2025-жылы Корей инвестициялык компаниясынын өкүлдөрү тарабынан салынган. Компаниянын өкүлдөрү дагы беш жыл кызматташа тургандыгын билдирди. Кара-Кой тоосунун боорунда Зиплайн спорттук аянтчасы ачылган. Жаштар эс алышып, зым аркылуу биринчи тоодон экинчи тоого чейин барышат. Эс алуучулар үчүн орундуктар түзүлгөн. Кара-Кой аймагында эс алуучулар үчүн туризмди өнүктүрүү үчүн шарттар түзүлүп жатат.

Бурма Ысакова,
Кыргызстан Журналисттер Союзунун мүчөсү.

МЕДИЦИНАГА АРНАЛГАН ЖАРЫМ КЫЛЫМ

Адам өмүрүндө ден соолуктан артык байлык жок. Ал эми адамдын ден соолугун сактоо жолунда өмүрүн арнаган дарыгердин эмгеги – өзгөчө урматка татыктуу. Саламаттыкты сактоо тармагында жарым кылымдан ашуун убакыттан бери үзүрлүү эмгектенип келе жаткан жогорку категориядагы уролог дарыгери Жамшитбек Абдилов калктын саламаттыгын сактоо кесибин тандап гана тим болбостон, аны өмүрүнүн башкы вазийпасына айландырган адистердин бири. Анын элдин ден соолугуна кызмат кылган 50 жылдан ашуун эмгек жолу – бул бир адамдын кесиптик таржымалы гана эмес, медицина тармагына берилгендиктин, жоопкерчиликтин жана адамгерчиликтин өрнөктүү жолу.

Узак жылдар бою медицина тармагында иштеп, тажрыйбасын тынымсыз өркүндөтүп келе жаткан дарыгер бүгүнкү күндө өзү жетектеген медициналык клиникада бейтаптардын ден соолугуна кам көрүп келет. Анын иш тажрыйбасы, кесиптик билими жана бейтап менен иштөөдөгү жоопкерчиликтүү мамилеси клиниканын ишмердигинин маанилүү өзөгүн түзөт.

Дарыгер үчүн ар бир бейтап – өзүнчө тагдыр, өзүнчө жоопкерчилик. Андыктан медицинанын негизги милдети ооруну дарылоо менен гана чектелбестен, адамга үмүт, ишеним жана туура кеңеш берүү экенин Жамшитбек Абдиловдун көп жылдык эмгек жолу айгинелеп турат.

Бүгүнкү күндө ал жетектеген медициналык клиникада топтолгон тажрыйба менен заманбап медициналык мүмкүнчүлүктөрдү айкалыштырып, калктын саламаттыгына кызмат кылуу багытында иштер жүргүзүлүүдө.

“Ден соолукка кам көрүү — ооруну күтүп отурбастан, анын алдын алуудан башталат. Айрыкча эркектердин ден соолугунда урологиялык ооруларга өз убагында көңүл буруу маанилүү. Оорунун алгачкы белгилерин байкап, адиске кайрылуу көптөгөн көйгөйлөрдү эрте аныктоого жана тиешелүү медициналык жардам алууга мүмкүнчүлүк берет”-дейт дарыгер.

Өрнөктүү өмүр жол

Жамшитбек Абдилов 1951-жылы 13-апрелде Кара-Суу районундагы мурдагы Катта-Талдык совхозунун Кызыл-Ордо айылында жарык дүйнөгө келген. 1969-жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык институтуна тапшырып, 1975-жылы жогорку медициналык билим алып, дарыгерлик кесипке жол ачкан.

Өткөн жылы ал өзү билим алган медициналык окуу жайын аяктаганына туура 50 жыл толду. Бирок бул дата анын кесиптик жолунун гана мааракеси эмес, жарым кылымдан ашуун убакыт



боюэлдин саламаттыгы үчүн жасаган ак эмгегин таразалаган мезгил болду.

Эмгек жолунда ар кандай жооптуу кызматтарды аркалап, медицинанын уюштуруучулук жана практикалык багыттарында бай тажрыйба топтоду. Кара-Суу райондук ооруканасында башкы дарыгердин биринчи орун басары, кайрадан уюштурулган райондор аралык МСЭКтин төрагасы кызматын аткарды. Бул жылдар анын кесиптик билимин гана эмес, медициналык мекемени башкаруудагы тажрыйбасын да байытты.

Эки миңинчи жылдары курсташтарынын чакыруусу менен Москва шаарында өз кесиби боюнча эмгектенип, медицинанын башка чөйрөсүндөгү тажрыйбалар менен таанышты. Ал эми 2012-жылы өзүнүн көп жылдык билимин жана тажрыйбасын элдин саламаттыгына кызмат кылууга багыттап, Ош шаарында урология багытындагы «Андрос» аттуу жеке клиникасын негиздеди.

Биринчи байлык-ден соолук

Ден соолугуңузду кийинкиге калтырбаңыз. Ооруну алдын алуу жана өз убагында текшерилүү — ден соолукту сактоонун маанилүү шарттарынын бири. Дарыгердин ишмердигинин өзөгүндө ооруну дарылоо менен катар, анын алдын алуу, өз убагында текшерилүү жана ден соолукка жоопкерчиликтүү мамиле кылуу түшүнүгү турат. Бүгүнкү күндө да тажрыйбалуу уролог дарыгери катары бейтаптарды кабыл алып, эркектердин ден соолугуна байланышкан көйгөйлөрдүн алдын алууга жана өз убагында адиске кайрылуунун маанилүүлүгүнө басым жасап келет.

Эгерде сизде урологиялык көйгөй жаралса, же ден соолукка байланыштуу сыроолор пайда болсо тажрыйбалуу кесипкөй адиске кайрылып, кеңеш алуу — өзүңүзгө жасалган камкордук. Учурда Жамшитбек Абдилов Бишкек шаарында медициналык клиника негиздеп, калкка кызмат көрсөтүүдө. Дареги: Бишкек шаары, Курчатов - 71, Жал-23. Клиникада урологиялык багытта консультативдик жана дарылоо кызматтары көрсөтүлөт. Ак халатчан дарыгер ар бир бейтаптын көйгөйүнө жоопкерчилик менен мамиле жасап, ден соолукту чыңдоого жана сергек жашоого үндөп келатат.

Кеңеш алуу — ден соолукка жасалган маанилүү кадам

Эркектер арасында кеңири кездешкен урологиялык көйгөйлөрдү өз алдынча дарылоого аракет кылбастан, уролог дарыгерине кайрылып, керектүү текшерүүдөн өтүү маанилүү. Өз убагында жүргүзүлгөн консультация жана диагностика ооруну эрте аныктоого жардам берет.

Клиникада эркектердин урологиялык ден соолугуна байланышкан көйгөйлөрдү аныктоо, консультация берүү жана дарылоо багытында медициналык жардам көрсөтүлөт. Бейтаптын көйгөйүнө жекече мамиле жасалып, ооруну эрте аныктоого жана алдын алууга өзгөчө көңүл бурулат.

Албетте, ак халатчан дарыгер үчүн жарым кылым — бул жөн гана убакыт эмес. Бул миңдеген бейтаптар, ар бирине берилген кеңеш, ар бир адамдын ден соолугу үчүн көрүлгөн камкордук жана кесипке берилген өмүр. Жамшитбек Абдиловдун басып өткөн жолу — медицина тармагына кызмат кылууну өмүрлүк кесип кылган адистин өрнөктүү эмгек жолу.

Спартакиада

БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫ 1-ОРУНДУ БАГЫНДЫРДЫ

Спорт – ден соолуктун булагы гана эмес, ынтымакты бекемдеп, командалык духту арттырган чоң күч. Өзгөчө кесиптештер арасында өткөрүлгөн спорттук мелдештер эмгек жамааттарынын биримдигин чыңдап, сергек жашоого үндөйт. Мындай маанилүү иш-чаралардын бири 2026-жылдын 18–20-сентябрында кереметтүү Ысык-Көлдүн жээгинде өткөрүлдү.

«Улан балдардын ден соолугун чыңдоо» борборунда Кыргызстандын кесиптик бирликтер федерациясынын Жаштар кеңеши тарабынан уюштурулган спартакиадага өлкөнүн ар кайсы тармактарындагы кесиптик бирлик уюмдарынын өкүлдөрү катышты. Анда Билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Борбордук комитетинин атынан 12 команда спорттун 9 түрү боюнча күч сынашты.

Мелдештин жүрүшүндө билим берүү тармагынын кызматкерлери өздөрүнүн спорттук даярдыгын, шамдагайлыгын жана командалык биримдигин көрсөтүп, бир катар байгелүү орундарга ээ болушту. Таяк тартыш, кол күрөш, шахмат, стол тенниси, волейбол, футбол, аркан тартыш жана 100 метрге чуркоо боюнча ийгиликтүү чыгышып, жалпы командалык эсепте биринчи орунду багындырышты.

Бул жеңиштин артында тынымсыз машыгуу, аракет жана эң башкысы – бир максатты көздөгөн ынтымактуу команданын эмгеги турат. Билим берүү жана илим кызматкерлеринин спорттун бир нече түрү боюнча жогорку көрсөткүчтөргө жетиши алардын кеде



сиптик ишмердүүлүк менен катар сергек жашоо образын колдоп кубаттагандыгын айгинелейт.

Жеңиштердин арасында кол күрөш, волейбол, футбол жана аркан тартыш боюнча I орундар өзгөчө белгиленди. Ошондой эле 100 метрге чуркоодо аялдар арасында I, эркектер арасында III орун, шахматта аялдар арасында III, эркектер арасында II орун, стол теннисинде аялдар жана эркектер арасында II орундар камсыздалды.



Таяк тартыш боюнча мелдеште 75 жашка чейинкилер арасында III, 75 жаштан жогоркулар арасында II орунду багындырышты.

Жалпы командалык эсепте биринчи орунду ээлөө – билим берүү жана илим кызматкерлеринин бул мелдештеги ийгиликтүү катышуусунун жыйынтыгы болду. Билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Борбордук комитетинин жетекчилиги жеңишке жетишкен катышуучуларды куттуктап, алардын жетишкендиги менен сыймыктанарын билдирди.

Белгилей кетсек, бул спартакиадага катышкан билим берүү тармагынын кызматкерлери буга чейин да Билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Борбордук комитети тарабынан уюштурулган спартакиаданын жеңүүчүлөрү болушкан. Демек, Ысык-Көлдөгү ийгилик – буга чейинки аракеттин уландысы жана спорттук чеберчиликтин дагы бир далили.

“ШУМКАР БӨБӨК” - СПОРТКО КАРАЙ АЛГАЧКЫ КАДАМ

Спортко болгон кызыгуу бала кезден калыптанат. Кыймылдуу оюндарга, мелдештерге катышкан бөбөктөр шамдагайлыкка, ылдамдыкка жана өзүнө болгон ишенимге үйрөнөт. Ушундай максатта Өзгөн районунун Дөң-Булак айыл аймагындагы «Касиет Тыныбекова» мектепке чейинки билим берүү мекемесинде бөбөктөр арасында беговел боюнча «Шумкар бөбөк» мелдеши уюштурулду.



Аталган мелдеш Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Каныбек Апбасовдун демилгеси менен бе-



китилген Жобонун негизинде өткөрүлүп, жаш жеткинчектердин спортко болгон кызыгуусун арттырууга багытталды. Бөбөктөрдүн шайдоот кыймылы, жарышка болгон кызыгуусу жана атаандаштыктагы аракеттери иш-чарага өзгөчө көрк берди.

Мелдештин соңунда жеңүүчүлөргө грамоталар жана медалдар тапшырылып, ал эми бардык катышуучулар «Активдүү катышкандыгы үчүн» медалдары менен сыйланышты. Бул чакан мелдеш бөбөктөр үчүн чоң кубаныч тартуулап, аларды спортко, сергек жашоого жана активдүү кыймылга үндөгөн маанилүү иш-чара болду.

Бетти даярдаган: А.МАТИЕВА.

Спорт

Араван чемпиондор лигасы

Араван районунда спортту, сергек жашоону жана жаштардын бош убактысын туура уюштурууну максат кылган салттуу мелдештердин бири-«Араван чемпиондор лигасы» кичи футбол турнири өз жыйынтыгын чыгарды. Ынтымакты бекемдеп, спортко болгон кызыгууну арттырган бул мелдеш быйыл да күйөрмандарга кызыктуу оюндарды тартуулады.



Турнирге жалпы 9 команда катышып, кошуна Өзбекстандын жаштары менен биргеликте жашыл талаада күч сынашты. Ар бир беттеште оюнчулар чеберчилигин, шамдагайлыгын жана командалык духун көрсөтүп, жеңиш үчүн аягына чейин күрөштү. Натыйжада байгелүү орундардын ээлери аныкталды.

Мелдештин жыйынтыгында 1-орунду «Istore» командасы багындырса, 2-орун «Чек-Абад» командасына буюрду. Ал эми 3-орунду «Ак-Жол» командасы ээледи.

Жеңүүчүлөрдү сыйлоо аземи да салтанаттуу маанайда өтүп, мыктыларга С.Юсупова айыл аймагы жана демөөрчүлөр тарабынан акчалай жана баалуу сыйлыктар тапшырылды. Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгы тарабынан жеңүүчүлөргө кубок, медаль, дипломдор жана атайын номинациялар ыйгарылды.

Мындай спорттук мелдештер сергек жашоону жайылтуу менен катар, жаштарды ынтымакка, достукка жана атаандаштык маданиятына тарбиялоого чоң өбөлгө түзүп келүүдө.

Н.ӨМҮРЗАКОВА.

Улут сыймыгы

Сулайман Тоодогу петроглифтер

Кыргызстандын баалуу археологиялык эстеликтеринин бири -аска таш бетиндеги сүрөттөр болуп саналат. Аска таш бетиндеги сүрөттөр Кыргызстандын көптөгөн аймагында кездешет. Мисалы, Ысык-Көлдөгү Ак -Чуңкурда, Манас шаарындагы Саймалы -Ташта, Нарындагы Теке- Секирик үңкүрүндө, ал эми Таласта жана Ош шаарындагы Сулайман- Тоосунда чегилген жана жазылган жазууларды көп кездештирсе болот.

ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк баалуу мурастар тизмесине кирген Сулайман- Тоосунда 400гө жакын таш бетине түшүрүлгөн жазуулар жайгашкан. Ал жазуулардан биз байыркы элдердин дүйнөгө болгон көз караштарынын, диний ишенимдеринин элементтерин көрө алабыз.

Мындай жазуулар тоонун беш чокусунда жайгашкан аскаларда, үңкүрлөрдө жана карстык туннелдерде чегерилип жазылган. Айрыкча, биринчи тоонун (Буура тоонун) чыгыш этегинде жөө жүргүнчүлөр жүрүүчү жерде көп жайгашкан. Узун тегиздикте чегилген композициялар өтө эле таасирдүү. Алардын ичинен эң байыркы петроглифтер тоонун түндүк батышындагы лабиринттер (татаал формадагы тегерек тартылган) өзгөчө маанеге ээ. Мазмуну боюнча алар: антроморфтук, зооморфтук жана ар кандай көрүнүштөгү геометриялык фигуралар болуп болжолдуу түрдө үч топко бөлүнөт. Алар: күн белгилери (чекит, чабыты бар тегерек, ар тарапка нурлары тараган айлана түрүндө), квадраттар, креслер, дарак турпатындагы сүрөттөр, үч айрылыш жана тор түшүрүлгөн сүрөттөр.

Жогоруда айтылгандай, сейрек кездешүүчү уникалдуу петроглифтерди өзүнчө топ катары кароого болот. Ошондой эле Сулайман- Тоодогу петроглифтер Кыргызстандын башка аймактарындагы петроглифтерден мазмун жагынан да айырмаланып турат. Ушундай сейрек кездешкен уникалдуу петроглифтерди коргоо жана көздүн карегиндей сактоо зарыл.

Ш.Жээналиева,
Сулайман Тоо УТАМКнын улуу илимий кызматкери.

Жарыялар

Аукцион

Кара-Суу шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчикти башкаруу департаменти Кара-Суу шаарынын Тельман айылындагы 1406,65 м² жер аянтын аукцион аркылуу убактылуу пайдалануга ижарага берүү үчүн аукцион өткөрүүнү жарыялайт.

Жер тилкесин ижара шартында убактылуу пайдалануга аукцион өткөрүү жолу менен берүү үчүн коюлуучу ЛОТ:

Жердин дареги	Максаты	Аянты чарчы метр	Старт.баа 1(бир) айга сом	Старт.баа 2 (эки) жылга сом
1.Кара-Суу шаары Тельман айылы	Ижара шартында убактылуу пайдалануга	1406,65 м²	12500 сом	300 000сом

Аукцион 2026-жылдын 26-октябрь күнү саат 14:30дө төмөндөгү даректе өткөрүлөт: Кара-Суу шаары, Кушбаков көчөсү №2, Кара-Суу шаар мэриясындагы жыйындар залы.

Аукционго катышуучулар Кара-Суу шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчикти башкаруу департаментине (ММБД) 2026-жылдын 16-октябрь күнү саат 16:00гө чейин төмөнкү документтерди тапшыруулары зарыл:

1.Физикалык жактар үчүн - паспорт.

2.Юридикалык жактар үчүн нотариалдык же катто жүргүзүүчү, каттоо органы тарабынан тастыкталган түзүүчү (учредительный) документтердин нускасы (чет элдик эмес иш кананын статусун тастыктаган), уюмдун өкүлүнө – аукционго катышу үчүн белгиленген формадагы ишеним кат жана паспорт.

3.Башталгыч баадан 10% өлчөмүндө кепилдик взнос жана коюлган лоттун башталгыч баасын 0,5% өлчөмүндө комиссиондук жыйым төлөнгөндүгүн тастыктаган документтер. Төлөм кабыл алуучу – Кара-Суу шаары, ААК Элдик Банк, Кара-Суу райондук Р-с 4407042200001884, ОКПО 440704. ИНН 00206200610043. БИК 440001.

4.Аукционго катышуу тууралуу бекитилген формадагы арыз, лоттун номерин көрсөтүү менен: белгилей кетүүчү нерсе, Кара-Суу шаар мэриясы аталган обьектти (лот) конкурска белгиленген күнгө үч күн калганда аукционду алып салууга укукту.

Көнүл буруңуздар! Аукционго баардык юридикалык жана физикалык жактар, алардын ичинде аукцион өткөрүүгө 16-октябрга чейин конкурска катышу туурасында арыз берген жактар гана катыша алат. Аукционго катышууну каалагандар өздөрүнүн өкүлдөрү (ишенген жактары) аркылуу аракеттенүүлөрү мүмкүн. Аукционго катышуучулар кошумча маалымат алууучун 5-20-75 телефондору же Кара-Суу шаары, Кушбаков көчөсү №2, Кара-Суу шаарынын мэриясына кайрылса болот.

Жараксыз деп табылсын.

Ош мамлекетттик университети тарабынан берилген Орозова Батма Маматалиевнага таандык серия номери СС 110084656 болгон диплом жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

1997 -жылы Кызыл -Кыя медициналык окуу жайы тарабынан Абдувапова Гулназ Амангелдиевнага берилген АП № 02779 каттоо № 9279 сандуу дипломунун туп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2022-жылы ОшТУ тарабынан Кымбатбек Закир уулуна берилген ТБ № 220329924 каттоо № 711 болгон дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2006-жылы ОшМУ тарабынан Садыкова Наргиза Азизуллаевнага берилген № CD 060249653 каттоо № 690 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2017-жылы ОшМУнун юридикалык колледжи тарабынан Таалайбек кызы Мээримгүлгө берилген дипломунун түп нускасы 2 барак тиркемеси менен жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2018 -жылы ОшМУ тарабынан Рахмонбердиева Рухсатой Джоникуловнага берилген Номер : ШВ 180161993 , каттоо номери 1171 сандуу дипломунун эки барак тиркемеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

1998-жылы Ош медициналык окуу жайы тарабынан Садыкова Наргиза Азизуллаевнага берилген № 08022 каттоо № 001902 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Аукцион

Кара-Суу районундагы Мады айыл өкмөтүнүн балансында турган техникаларды жокко чыгаруу үчүн аукцион аркылуу сатууга коюлат.

Техникалардын тизмеси:

Мерседес-Бенц 611 - 1994-жылы чыгарылган, баштапкы баасы 220 000 сом;

Сынак 2026-жылдын 23-октябрь күнү саат 16.00 дө Мады айыл өкмөтүнүн кеңсесинде өткөрүлөт, сынак 1 лот менен коюлат, дареги: Ош облусу, Кара-Суу району, Асан-Чек айылы, Алымбек уулу Асанбек көчөсү 17а, сурап билүү номери: 0550-661-221.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясий гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү:
Н. Өмүрзакова

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjangaz@gmail.com**

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №:1049
Нускасы: 1800

Карасуйский хлопкоочистительный завод: 100 лет истории и труда

Кара-Суйский хлопкоочистительный завод — предприятие, занимающее особое место в истории промышленности Кыргызстана, история которого насчитывает уже целое столетие. Его становление берёт начало в 1926 году, а во второй половине прошлого века завод стал одним из флагманов лёгкой промышленности республики. С его историей тесно связаны судьбы тысяч людей, их самоотверженный труд, трудовые династии и яркие страницы, которые навсегда остались в памяти нескольких поколений.

В своё время предприятие перерабатывало десятки тысяч тонн хлопка-сырца в год, а высококачественное хлопковое волокно экспортировалось в ряд стран мира. Завод неоднократно реконструировался, модернизировалось его оборудование, росли производственные мощности. О тех годах с теплотой вспоминает бывший генеральный директор предприятия, инженер высшей категории Махмуд Абакулов, рассказывающий о сплочённом трудовом коллективе, производственных достижениях и непростом пути развития предприятия.

Сегодня, оглядываясь на 100-летнюю историю Карасуйского хлопкоочистительного завода, важно вспомнить не только его успехи, но и причины последующих трудностей, с которыми столкнулась отрасль. Махмуд Абакулов рассказывает о сокращении производства хлопка-сырца, утрате квалифицированных кадров и постепенном износе производственного оборудования, а также делится своими размышлениями о возможностях возрождения хлопковой отрасли. Предлагаем вниманию читателей его воспоминания и размышления.

Память о славном прошлом

Оглядываясь назад, невольно поражаешься тому, как быстро летит время. Кажется, совсем недавно мы были детьми, гоняли по крышам голубей, бегали по знакомым улицам, а впереди, как нам тогда казалось, была целая вечность. Но годы пролетели незаметно, оставив после себя множество событий, встреч, радостей и испытаний. И сегодня, вспоминая прошлое, особенно ясно понимаешь, насколько дороги нам люди, места и предприятия, с которыми связаны лучшие годы нашей жизни.

Отечественная промышленность республики создавалась на базе Карасуйского хлопкоочистительного завода. Это предприятие занимает особое место в истории промышленности Кыргызстана, насчитывая уже целое столетие со дня своего основания. За десятилетия работы оно прошло большой путь становления и развития, став одним из заметных флагманов лёгкой промышленности республики. Его становление берёт начало в 1926 году,



а во второй половине прошлого века завод стал одним из флагманов лёгкой промышленности республики, известным далеко за её пределами. За десятилетия работы здесь сформировался большой и сплочённый трудовой коллектив, сложились трудовые династии и появились специалисты, посвятившие предприятию многие годы своей жизни. С историей завода неразрывно связаны судьбы тысяч людей, их трудовые достижения, воспоминания и яркие страницы, которые навсегда остались в памяти нескольких поколений. Позволю себе немного коснуться истории создания и становления завода-юбиляра.

В 1926 году Карасуйский хлопкоочистительный завод был отделён от Курган Тепинского хлопкового завода Андижанской области. Тогда всё было проще: 90 процентов работ выполнялось вручную. Техника и технологии были примитивными, машины и механизмы приводились в движение дизельными двигателями. Лишь в 1936 году была проведена первая реконструкция завода – его перевели на электроснабжение от Ферганского кольца.



Вторая реконструкция – замена устаревшего оборудования на более современное по тем временам – была осуществлена с приходом на производство инженеров Абакулова Мухтара Абакуловича и Маматова Кыргызбая Маматовича, прошедших обучение в Ташкенте. Малопроизводительные «джинные» машины нижнего съёма заменили более производительными ХДД-3М с модернизированными сырцовыми камерами. Впервые были установлены мощные гидропрессовые установки Г-№ 374А.

Третья реконструкция завода была проведена в 1964 году. Благодаря этому завод достиг своей проектной мощности, получив возможность перерабатывать более 100 тысяч тонн хлопка в год. К этому времени сложился славный, сплочённый многонациональный коллектив. Производственные бригады работали в три смены. Завод располагал восемью хлопкозаготовительными пунктами в четырёх хлопкосеющих регионах Ошской и Джалал-Абадской областей республики.

Золотой период в истории завода


Начиная с 1975 года Карасуйский хлопкоочистительный завод превратился во флагман индустрии республики. К этому времени предприятие значительно нарастило производственные мощности и ежегодно заготавливало до 90 тысяч тонн хлопка-сырца. За этими показателями стоял большой труд сплочённого коллектива, работавшего в несколько смен и обеспечивавшего стабильную работу производства.

Готовая продукция – хлопковое волокно – экспортировалась в 14 зарубежных стран. Вырабатываемое на заводе волокно высоко ценилось на мировом рынке и пользовалось устойчивым спросом. Таким образом, предприятие не только обеспечивало сырьём отечественную лёгкую промышленность, но и занимало заметное место в экспортном потенциале республики.

Высокие производственные показатели неоднократно отмечались на самом высоком уровне. В советское время, до 1988 года, завод 14 раз завоёвывал переходящее Красное знамя ЦК КПСС, Верховного Совета СССР и Совета Министров СССР. Эти награды стали признанием многолетнего труда коллектива и важной частью славной истории предприятия.

За годы своей работы предприятие добилось множества значимых производственных успехов, неоднократно подтверждая статус одного из ведущих предприятий республики. За каждой новой производственной высотой стоял самоотверженный труд рабочих, инженеров и специалистов, благодаря которым завод вносил весомый вклад в развитие экономики и народного хозяйства страны. Его достижения становились частью общего промышленного успеха республики, а опыт и традиции коллектива передавались из поколения в поколение.

Много вопросов к прошлому



И действительно, многое со временем меняется. То, что ещё вчера казалось привычным и незыблемым, сегодня может остаться лишь в памяти. Когда-то предприятие было мощным флагманом отрасли, а сегодня прежний размах и производственная мощь во многом утрачены.

Что же стало причиной упадка некогда успешного производства? Как и почему всё это слаженное производство в одночасье оказалось в условиях острого кризиса? Что же случилось потом? Почему производство пришло в упадок? Где прежние высокие урожаи хлопка? Где конкурентоспособные сорта? Куда же со временем разъехались высококвалифицированные кадры? Много вопросов.

С ностальгией вспоминаются встречи передовиков производства и ветеранов труда с молодёжью. И сегодня немало молодых людей, которые ещё не определились, куда примкнуть и где приложить свои силы и знания. И всё же основная причина упадка – отсутствие хлопка-сырца.

На некоторые интересующие читателей вопросы постараюсь ответить, я – бывший генеральный директор, инженер высшей категории акционерного общества «Ак-Алтын», ныне почётный пенсионер, наследник славных традиций предприятия Абакулов Махмуд Абакулович.

Я думаю, это должно волновать высшие эшелоны власти – тех, кому предстоит решать задачи подъёма экономики, увеличения валютных поступлений и выхода республики на уровень мировых держав.

Коллективу очень повезло с руководителем в перестроечное время. В 1989 году его возглавил многообещающий, перспективный, высокообразованный и инициативный специалист Юсупов Байиш Юсупович. С его приходом многое изменилось. После преобразования завода в Акционерное общество в коллективе изменились психология и мышление, появилась заинтересованность в экономическом подъёме предприятия.

Однако рыночная экономика требовала нового подхода к работе. Одним из приоритетных направлений было избрано развитие малого и среднего бизнеса. Были созданы новые линии и цеха по выпуску товаров народного потребления. Работали цех по выпуску медицинской ваты, швейный цех, цех по выпуску ватных изделий, цех по производству сырого и жжёного кирпича, макаронный цех, шерсточесальный и столярный цеха и другие подразделения. Было создано много рабочих мест.

Надежда на возрождение

Однако с глобальными изменениями в жизни республики многое изменилось и в работе предприятия. Постепенно были утрачены высокие производственные достижения, высокоурожайные сорта хлопка и накопленный годами опыт, а вместе с тем потеряны многие высококвалифицированные специалисты. Изменение экономических условий, сокращение сырьевой базы и другие трудности серьёзно отразились на работе отрасли и самого предприятия. То, что создавалось десятилетиями упорного труда, оказалось под угрозой утраты, а некогда стабильное производство столкнулось с непростыми испытаниями нового времени. Стареют и безвозвратно утрачивают свои качества установленные машины и механизмы. И всё же наш коллектив с оптимизмом смотрит в будущее.

Есть люди, одержимые новыми идеями; есть молодёжь, способная свернуть горы; есть сплочённый многонациональный коллектив и, наконец, трудолюбивый, испытанный трудностями кыргызский народ. Мечтать, как говорится, не вредно. Но хорошо бы привлечь инвесторов на юг республики, дать возможность нашему трудолюбивому народу выращивать хлопок, развивать шелководство, прядение и другие направления.

Интересно всё же, кому из высокопоставленных государственных чиновников, да и депутатов парламента какого-либо созыва, окажется под силу возродить некогда знаменитую отрасль лёгкой промышленности Кыргызской Республики?

Пора, друзья, задуматься. Пора!

М. А. Абакулов
Бывший генеральный директор ОАО «Ак-Алтын», инженер высшей категории, ныне почётный пенсионер с 50-летним стажем работы.